Балдар үчүн Библия

тартуулайт

# Кудай баарын жаратканда



Эдвард Хьюс тарабынан жазылган

Сүрөттөр Байрон Ангер, Лазарус тарабынан тартылган; Alastair Paterson

Боб Дейвис, Тэмми С. тарабынан жөнөкөйлөтүлгөн


Christian Lingua тарабынан которулган

Bible for Children тарабынан түзүлгөн
www.M1914.org


©2020 Bible for Children, Inc.
Лицензия: Сатпасаңыз, бул аңгемени көчүрүп же басып чыгарууга укугуңуз бар.

Бизди ким жараткан? Кудайдын Сөзү Библия, бизге адамзаты кантип башталганын айтып берет. Көп убакыт мурун Кудай Адам аттуу биринчи адамды жараткан. Кудай Адамды жердин топурагынан жараткан. Кудай Адамга өмүр демин үйлөгөндө, ал тирүү жан болуп калган.

Ал Эдем аттуу кооз бакта жашаган.



Кудай Адамды жаратаардан мурун, сонун нерселерге толгон, кооз дүйнөнү жараткан.



Кудай дөңдөрдү жана талааларды, жыпар жыттуу гүлдөрдү, бийик дарактарды, кооз канаттууларды, ызылдаган аарыларды, деңизде калкыган киттерди жана былжырак үлүлдөрдү биринин артынан бирин жараткан.




Башында Кудай эч нерсе жарата электе, Кудайдан башка эч нерсе болгон эмес. Адамдар да, жерлер да, заттар да болгон эмес. Эч нерсе болгон эмес. Жарык да, караңгы да болгон эмес. Жогору да, төмөн да болгон эмес. Кечээки күн да, эртеңки күн да болгон эмес. Болгону башталышы жок Кудай гана бар болгон. Анан Кудай иш-аракет кылган!






Башында Кудай асман менен жерди жараткан.


Жер көрксүз, ээн болчу. Түпсүз туңгуюктун бетин караңгылык каптап турган.  Ошондо Кудай: “Жарык болсун”, – деди.



Анан жарык пайда болду. Кудай жарыкты “күн”, караңгыны “түн” деп атады. Кеч кирип, таң атты: биринчи күн өттү.



Экинчи күнү Кудай океандардын, деңиздердин жана көлдөрдүн сууларын асман алдында иретке келтирди. Үчүнчү күнү Кудай: “Кургактык пайда болсун”, - деди. Ошондой болду.



Ошондой эле Кудай чөптөргө, гүлдөргө, бадалдарга жана дарактарга пайда болууга буйрук берди. Алар пайда болду.

Кеч кирип, таң атты: үчүнчү күн өттү.



Андан кийин Кудай күндү, айды, жана эч ким санап бүтө албаган жылдыздарды жаратты.  Кеч кирип, таң атты: төртүнчү күн өттү.



Деңиз жаныбарлары,
балыктар жана куштар
Кудайдын тизмесинде
кийинкилерден болчу.
Бешинчи күнү ал
кылыч-балыкты, майда
сардиналарды, буту
узун төө куштарды
жана кичинекей
бактылуу шуулдаган
чымчыктарды
жараткан.




Деңиз менен асман жагымдуу болушу үчүн, Кудай жердеги сууларды толтуруп балыктардын ар кандай түрлөрүн жана куштарды жаратты.

Кеч кирип, таң атты: бешинчи күн өттү.




Ошондон кийин Кудай кайра сүйлөдү. Ал: “Жер тирүү жандыктарды ... чыгарсын”, – деди. Бардык жаныбарлардын түрлөрү, курт-кумурскалар жана сойлоп жүрүүчүлөр пайда болду. Алардын арасында жер титиреткен пилдер жана эмгекчил кемчеттер.



Шамдагай маймылдар жана олдоксон крокодилдер. Соймогдогон сөөл жандар жана коркпогон бурундуктар.  Тартагай жирафтар жана мырылдаган мышыктар.  Ошол күнү Кудай тарабынан бардык жаныбарлардын түрлөрү жаратылган.



Кеч кирип, таң атты: алтынчы күн өттү.




Алтынчы күнү Кудай башка бир иш кылды, ал өтө өзгөчө иш эле. Эми адам үчүн бардыгы даяр эле. Талаада жегенге тамактар, ага кызмат кылуу үчүн жаныбарлар даяр эле. Ошондо Кудай мындай деди:



“Өз бейнебиз боюнча, адамды жараталы. Ал бардыгынын үстүнөн кожоюн болсун”.

ОШЕНТИП КУДАЙ ӨЗ БЕЙНЕСИ БОЮНЧА АДАМДЫ ЖАРАТТЫ. АНЫ КУДАЙДЫН БЕЙНЕСИ БОЮНЧА ЖАРАТТЫ ...

Кудай Адамга сүйлөдү.  “Бактан каалаганыңды жей берсең болот. Бирок жакшылык менен жамандыкты таанытып билдире турган дарактан жебе. Андан жесең, сөзсүз өлөсүң”.



Анан Кудай-ТЕҢИР мындай деди: “Адамга жалгыз болуу жакшы эмес. Мен ага жардамчы жаратам”.

Кудай Адамга бардык куштарды жана айбанаттарды алып келди. Адам алардын баарына ат койду.



Мындай ишти аткара алганына караганда, ал абдан акылдуу болсо керек.  Бирок бардык куштар менен айбанаттардын арасында Адамга ылайык шерик жок эле.



Кудай Адамды аябай терең уктатып салды.

Уктап жаткан Адамдын бир кабыргасын алып, Кудай Адамдын кабыргасынан аялды жасады.

Кудай жасаган аял Адамга эң ылайыктуу келген жардамчы эле.



Кудай бардыгын алты күндө жаратты. Ошондон кийин Кудай жетинчи күндү баталап, аны эс алуу күнү кылды. Эдем багында Адам жана анын жубайы Обо, Кудайга баш ийип, жеткилең бакытка ээ болушкан. Кудай алардын ТЕҢИРИ, Кам көрүүчүсү жана Досу болгон.



Кудай баарын жаратканда

Кудайдын Сөзү Библиянын аңгемеси

бул китепте

Башталыш 1-2

“Сенин Сөзүңөн алган ачылыш жарык берет.”
Забур 119:130

# Аягы

Библиянын аңгемелери бизди жараткан жана
сен Аны билишиңди каалаган сонун Кудай жөнүндө айтат.

Кудай биз күнөө деген жаман нерселерди кылганыбызды билет.
Күнөө үчүн жаза өлүм, бирок Кудай бизди ушунчалык сүйгөндүктөн,
Өзүнүн жалгыз Уулун, Ыйсаны, биздин күнөөлөрүбүздүн жазасы
болуш үчүн айкаш жыгачтагы өлүмгө жиберди. Кийин Ыйса тирилип,
асмандагы үйүнө кетти! Эгер сен Ыйсага ишенип, Андан күнөөлөрүмдү
кечирчи деп сурансаң, Ал кечирет! Ал келип, эми Сенин ичиңде
жашайт, сен болсо Аны менен түбөлүк жашайсың.

Эгер бул чындык экенине ишенсең, Кудайга мындай деп айт:
“Кымбатту Ыйса, Мен Сенин Кудай экениңе жана менин
күнөөлөрүм үчүн өлгөнүңө, азыр болсо тирүү экениңе ишенем.
Суранам менин жашоомо келип, менин күнөөлөрүмдү кечирчи,
ошондо мен жаңы жашоого ээ болуп, бир күнү Сени менен
түбөлүккө болом. Сага баш ийүүгө, Сен үчүн Сенин баладай
болуп жашаганга жардам берчи. Оомийн”.

Күн сайын Библия окуп, Кудай менен сүйлөш! Жакан 3:16